«БЕКИТЕМ»

ЭжФИнин ректору, э.и.д., профессор

____________________ А. Сарыбаев

«__25__» ____мая____ 2026 ж.

# Экономика жана финансы институтунун
# орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө
# КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул кабыл алуу тартиби Экономика жана финансы институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө (мындан ары — ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмү) орто кесиптик билим берүү программалары боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жол-жобосун аныктайт.

Ушул Тартип менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык бөлүмү тарабынан өз алдынча чечилет.

1.2. ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө Кыргыз Республикасынын жарандары, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар кабыл алынат, эгерде алар негизги жалпы билимге, орто жалпы билимге же башталгыч кесиптик билимге ээ болсо.

Кыскартылган программаларга тиешелүү профилдеги башталгыч кесиптик билими бар адамдар кабыл алынат. Башталгыч кесиптик билимдин профилинин орто кесиптик билим берүү профилине шайкештиги ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмү тарабынан өз алдынча аныкталат.

1.3. ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт. Негизги критерийлер абитуриенттин билим деңгээли жана орто кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү жөндөмү.

1.4. Окутуунун келишимдик негизиндеги орундарга кабыл алуу планы Институт тарабынан кабыл алуу кампаниясы башталганга чейин өз алдынча бекитилет.

Кабыл алуу тиешелүү лицензия болгондо гана жүргүзүлөт.

1.5. Чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуу Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин негизинде, ошондой эле Институттун билим берүү уюмдары же жеке жарандар менен түзгөн келишимдеринин негизинде жүргүзүлөт.

## 2. Кабыл алууну уюштуруу

2.1. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (илим, жогорку билим берүү жана инновациялар чөйрөсүндө) жыл сайын ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө кабыл алуу боюнча тандоо турларынын жана кабыл алуунун графигин жана тартибин бекитет.
2.2. Бул Тартипке ылайык кабыл алууну уюштуруу үчүн ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн кабыл алуу комиссиясы түзүлүп, анын төрагасы ЭжФИнин ректору болот.
2.3. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана иш тартиби Институттун ректору тарабынан бекитилүүчү жобо менен аныкталат. Комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү — 1 жыл.
2.4. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы:

- жарандардын укуктарын камсыздайт;
- кабыл алуу эрежелерин бекитет;
- комиссиялардын ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;
- кабыл алуу, экзамендик жана апелляциялык комиссиялардын жоболорун жана иш графигин бекитет;
- ачык-айкындуулукту жана объективдүүлүктү камсыздайт;
- кабыл алууну уюштуруу жана нормативдик талаптарды сактоо үчүн жооп берет.

2.5. Кабыл алуу комиссиясынын ишин уюштурууну, иш кагаздарын жүргүзүүнү жана жарандарды кабыл алууну Институттун ректору дайындаган жооптуу катчы аткарат.
2.6. Абитуриенттер жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү Институттун уставы, лицензиясы, кабыл алуу эрежелери жана кирүү сынактарынын программалары менен таанышууга укуктуу.

Келишимдик негизде окуганда абитуриенттерге окуунун наркы жана төлөө тартиби да маалымдалат.

2.7. Бардык керектүү маалымат Институттун расмий сайтында жана маалымат такталарында жайгаштырылат.
2.8. Кабыл алуу комиссиясынын чечимдери, кирүү сынактарынын графиги жана кабыл алуу жыйынтыктары абитуриенттерге өз убагында билдирилет.

## 3. Документтерди кабыл алуу

3.1. Арыз берүү автоматташтырылган маалыматтык система (АИС) аркылуу электрондук түрдө жүргүзүлөт, ал ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.
3.2. Арыз берген учурда абитуриент электрондук түрдө төмөнкү документтерди берет:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- билим берүү документи;
- ОРТ сертификаты (бар болсо);
- аскердик билет же каттоо күбөлүгү;
- 3×4 сүрөттөр (6 даана);
- жеңилдиктерди тастыктаган документтер (бар болсо).

3.3. Чет өлкөдө алынган билим берүү документтери белгиленген тартипте нострификациядан өтүүгө тийиш.
3.4. ЭжФИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө кабыл алынган абитуриенттер 30-августтан кечиктирбестен оригинал документтерди тапшырууга милдеттүү.

3.5. Документтерди кабыл алуу ыйгарым укуктуу органдын графигине ылайык 1-июлдан 27-августка чейин жүргүзүлөт.

## 4. Кабыл алуу жана конкурс тандоо

4.1. Тандоо билим берүү документинин орточо баасына жана кирүү сынактарынын жыйынтыгына негизделет.
4.2. Конкурс орточо баа жана профилдик предметтер боюнча жүргүзүлөт.
4.3. Тең көрсөткүчтөр болгон учурда кирүү сынактары өткөрүлөт.
4.4. Айрым адистиктер боюнча конкурс кирүү сынактарынын баллдарынын суммасы жана орточо баанын негизинде жүргүзүлөт.
4.5. ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмү абитуриенттерди тандоо кошумча кирүү сынактарын белгилөөгө укуктуу.
4.6. Конкурс толугу менен автоматташтырылган маалыматтык система (АМС) аркылуу жүргүзүлөт.
4.7. Орто жалпы билимге ээ абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыгынын негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн. Кабыл алынууга белгиленген өтүү баллын топтогон жана эң жогорку балл алган абитуриенттер кирет.

ЖРТ жыйынтыктары аскердик кызматка чакырылганга чейин алынган болсо, алар 3 жыл бою жарактуу болуп эсептелет. ЖРТ жыйынтыктары боюнча тандоо Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

## 5. Кирүү сынактары

5.1. Кирүү сынактарынын формалары ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмү тарабынан аныкталат жана тестирлөө, экзамен, маектешүү жана башка формаларды камтышы мүмкүн.
5.2. Өзгөчө кырдаалдар же өзгөчө абал киргизилген учурда кирүү сынактары дистанциялык (онлайн) формада өткөрүлүшү мүмкүн.
5.3. Кирүү сынактарын өткөрүүдө билим деңгээлин баалоо боюнча адистешкен уюмдардын тесттик системаларын алар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде колдонууга жол берилет.
5.4. Абитуриент кирүү сынактарын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилинде тапшырууга укуктуу.
5.5. Кирүү сынактарынын программалары негизги жалпы же орто жалпы билим берүү деңгээлине ылайык иштелип чыгат.
5.6. Кирүү сынактарына жүйөлүү себепсиз келбеген же канааттандырарлык эмес баа алган абитуриенттер конкурстун кийинки этаптарына катышуудан четтетилет.
5.7. Кабыл алынган абитуриенттердин жазуу иштерин сактоо алардын студенттик жеке делосунда же электрондук маалымат базасында жүргүзүлөт. Кабыл алынбаган абитуриенттердин жазуу иштери алты ай сакталат, андан кийин белгиленген тартипте жок кылынат.
5.8. Абитуриенттердин билим деңгээлин баалоонун бирдей талаптарын камсыз кылуу жана алардын укуктарын коргоо максатында ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмүндө апелляциялык комиссия түзүлөт.
5.9. Апелляцияга арыздар жыйынтыктар жарыяланган күндөн тартып бир сутканын ичинде берилет жана апелляциялык комиссия тарабынан абитуриенттин катышуусу менен бир жумушчу күндүн ичинде каралат.

5.10. Апелляцияны кароо кирүү сынагын кайра тапшыруу болуп эсептелбейт. Кароо учурунда коюлган баанын тууралыгы гана текшерилет. Кирүү сынактарын кайра тапшырууга жол берилбейт.

## 6. Кабыл алуу

6.1. ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмүнө студент катары кабыл алуу билим берүү документи же анын дубликаты болгондо жүргүзүлөт. Электрондук персонификацияланган билим берүү документин берүү да жол берилет, анда документтин милдеттүү реквизиттери камтылышы керек: билим берүү уюмунун толук аталышы жана жайгашкан жери, фамилиясы, аты, атасынын аты, абитуриенттин жеке идентификациялык номери, QR-кодго шилтеме, жетишкендиктер боюнча маалымат.

6.2. ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмүнө студент катары кабыл алуу автоматташтырылган маалыматтык система (АМС) аркылуу төмөнкү документтер электрондук форматта берилгенден кийин жүргүзүлөт:

– паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк
– ОРТ сертификаты (орто жалпы билимге ээ абитуриенттер үчүн);
– билим берүү документи (орто жалпы билим аттестаты, негизги жалпы билим тууралуу күбөлүк, башталгыч кесиптик билим диплому же анын дубликаты);
– аскердик билет же каттоо күбөлүгү.

Документтердин оригиналы жана белгиленген сандагы сүрөттөр абитуриент тарабынан ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмүнүн кабыл алуу комиссиясына 30-августтан кечиктирбестен тапшырылат. Чет өлкөлүк жарандар кошумча түрдө милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин тапшырат.

6.3. ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмүнө келишимдик негизде, тастыктоочу документтер болгондо, төмөнкү категориядагы абитуриенттерге жеңилдиктер берилиши мүмкүн:

– I, II топтогу майыптыгы бар адамдар;
– майыптыгы бар балдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар;
– ата-энесинин камкордугусуз калган жана жетим балдар;
– кайрылман статусуна ээ адамдар;
– мамлекеттик жана коомдук маанилүү окуяларда каза болгон адамдардын балдары;
– Президенттик лицей «Акылман» бүтүрүүчүлөрү.

6.4. Төмөнкү категориялар конкурстан тышкары, кирүү сынактарынын жыйынтыгы же ЖРТ баллдары белгиленген өтүү баллынан төмөн эмес болсо, келишимдик негизде кабыл алынат:

– 18 жашка чейинки жетимдер жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
– I, II топтогу майыптар жана медициналык-коомдук экспертизанын корутундусу боюнча окутууга каршы көрсөтмөсү жок балдар;
– эл аралык жана республикалык олимпиадалардын 1–3-орун ээлеген жеңүүчүлөрү (профилдик предмет боюнча).

6.5. «Кыргыз Республикасынын спорт чеберине талапкер», «Кыргыз Республикасынын спорт чебери», «Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери» спорттук

наамдары бар спортчулар, ошондой эле аскердик кызматты өтөгөн адамдар келишимдик негизде окууга артыкчылык укугуна ээ.

6.6. Конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу буйруктары ЖРТ баллдары жана кирүү сынактарынын жыйынтыктары көрсөтүлүп, Институттун расмий сайтында жарыяланат же абитуриенттерге башка белгиленген тартипте билдирилет.

6.7. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан текшерүү учурунда конкурсту өткөрүү тартиби бузулган же жалган маалымат берилген учурлар аныкталса, студент белгиленген тартипте окуудан чыгарылат.

## 7. Отчеттулук жана көзөмөл

7.1.ЭжФИнин орто билим берүү бөлүмүнө кабыл алуу боюнча отчетту ыйгарым укуктуу органга 15-октябрга чейин берет.

7.2.Кабыл алуу кампаниясынын жүрүшүнө көзөмөл ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт.

**ЭжФИнин кабыл алуу**
**Комиссиясынын**
**жоопту катчысы** ______________________ ______________________
(колу) (аты-жөнү)